
П. ГУЛАМОВ, Ш. МИРЗАХМАТОВА

# Айланабыздагы аалам

**Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 2-классы үчүн окуу китеби**

**Кайра иштелген жана толтурулган алтыннчы басылышы**

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*



**Cho'lpon атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү**
**Ташкент — 2018**

УЎК 502.2=512.154(075)
КБК 20.1я71
Г 89

**Жооптуу редактор:**

**Х. Вахабов** — география илимдеринин доктору, профессор.

**Рецензенттер:**

**И. Сагдуллаев** — биология илимдеринин кандидаты, доцент;
**М. Баситханова** — Ташкент шаарындагы 324-мектептин башталгыч класс мугалими.

## Шарттуу белгилер:

**Суроолор**

**Тапшырмалар**

**Практикалык иш**

**Сабактын аягы**

**Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды**

ISBN 978-9943-05-829-3

© П. Гуламов, Ш. Мирзахматова, 2018
© Cho'lpon атындагы БПЧУ. 2016
© Cho'lpon атындагы БПЧУ. 2018

# АЙЛАНАБЫЗДАГЫ ААЛАМДЫ ҮЙРӨНӨБҮЗ



## 1-§. АЙЛАНАБЫЗДАГЫ ААЛАМ

Сен көрүп турган бардык нерселер — имараттар, дарактар, гүлдөр, суулар, машиналар, көпөлөктөр, тоолор, Күн, Ай жана жылдыздарды айланабыздагы аалам дейбиз (1-сүрөт).

Айланабыздагы аалам өтө ар түркүн болуп, сырлары көп.

Адамдар эзелтен табиятты үйрөнүүгө кызыгышкан. Анын сырларын билүүгө умтулушкан.





1-сүрөт. *Айланабыздагы аалам*

Айланабыздагы ааламды үйрөнүү ага байкоо жүргүзүүдөн башталат. Биз бул ааламды сезүү органдарыбыз менен сезебиз жана күзөтөбүз.

Көзүбүз көрөт, кулагыбыз угат. Тилибиз даамды, мурдубуз жытты, терибиз ысык жана муздакты сезет (2-сүрөт).

Кээ бир кубулуштарды билүү үчүн практикалык иштерди жүргүзөбүз. Табиятка саякатка чыгабыз.

Табияттан күзөткөн нерсе жана кубулуштарды «Иш дептери»не жазып барабыз.




2-сүрөт. *Адамдын сезүү органдары:*
*1 – мурун; 2 – кулак; 3 – көз; 4 – тил;*
*5 – тери.*

**Таяныч сөздөр:** айланабыздагы аалам, сезүү органдары, кубулуш, иш дептери.

## Суроолор

1. Айланабыздагы аалам деген эмне?

2. Кандай сезүү органдарын билесиң?
3. «Иш дептери»не эмнелер жазылат?

**Тапшырма**

«Иш дептери» тут. Бул дептерге тапшырмалардын жообу, ар күнкү аба ырайынын абалын жана белгилерин жазып барасың.

## 2-§. ТАБИЯТТАГЫ ТЕЛОЛОР ЖАНА ЗАТТАР

Сен көрүп турган бардык нерселер тело жана заттардан турат: имарат, машина, дарак, китеп, стол, стул. Биз жашай турган Жер, асмандагы Күн, Ай, жылдыздар да тело болуп саналышат. Кээ бир телолор табигый болот (3-сүрөт). Кээ бир телолорду адамдар жасашат (4-сүрөт).

Телолор заттардан түзүлгөн болот. Заттар табигый түрдө да кездешет. Алардан ар түрдүү формадагы телолорду жасаш мүмкүн. Темирден дөңгөлөк, кетмен, машиналар жасалат. Мында дөңгөлөк, кетмен, машиналар — телолор, ал эми темир зат болуп саналат.



3-сүрөт. *Табигый телолор*



4-сүрөт. *Адамдар жасаган телолор*

**Жез, алтын, туз, суу, кумшекер, биз дем алып жаткан аба да зат болуп саналат. Табиятта кездешүүчү көпчүлүк заттар үч түрдүү: суюк, катуу жана буу абалында болушу мүмкүн. Муну суунун мисалында көрүп чыгабыз. Бир бөлүк музду идишке салып койсок, ал эрип суугa айланат. Сууну кайнатсак, буу пайда болот. Демек, суу катуу (муз), суюк (суу) жана буу (газ) абалында кездешет (5-сүрөт).**

**Ар кандай тело жана зат белгилүү бир салмакка ээ болот. Алардын салмагы таразалардын жардамында өлчөнөт.**




5-сүрөт. *Суунун үч түрдүү абалдагы көрүнүшү:*
*1 — суюк абалы (суу);*
*2 — буу абалы; 3 —– муз абалы.*

**Таяныч сөздөр:** тело, зат, газ, салмак, буу.

## Суроолор

1. Тело деген эмне? Айланабызда кандай телолор бар?
2. Зат деген эмне? Кандай заттарды билесиң?
3. Заттар кандай абалдарда болушат?

## Тапшырма

Үйүндө суунун үч түрдүү абалда болоорун тажрыйбада текшерип көр. Ал үчүн муздаткычтан бир бөлүк муз ал. Бул — суунун катуу абалы. Эми аны пиялага сал. Ал эрип, сууга айланат. Андан соң бул сууну кайнатсаң буууга айланат. Буу — суунун газ түрүндөгү абалы. Тажрыйбаны чоңдордун жардамында аткар.

## 3-§. АБА ЫРАЙЫ

Бүгүн эртең менен күн ачык, кыйла салкын болду. Түшкө келип күн ысыды. Кечке барып асманда булут пайда болду. Азыраак жамгыр жаады. Абанын мына ушундай түрдө кыска убакыттагы абалы аба ырайы деп аталат. Аба ырайы тез-тез өзгөрүп турат (6-сүрөт). Жаз, жай, күз жана кыш мезгилдеринде аба ырайы бири-биринен айырмаланат.

Аба ырайынын кандай экендиги анын белгилерине карап аныкталат. Абанын температурасы, булуттуулугу, жаан-чачындар, шамалдар аба ырайынын белгилери дейилет.

**Аба ырайынын абалын билдирүүчү шарттуу белгилер**

| | | | |
|---|---|---|---|
| ○ | Күн ачык | ❄ | Кар |
| ● | Күн бүркөө | ☂ | Жамгыр |
| ◑ | Күн чала булут | | |


Аба ырайынын кандай экендигин билүү үчүн аны дайыма күзөтүп туруу керек. Күзөтүүнүн натыйжалары «Иш дептери»не жазып барылат. Аба ырайынын белгилери түрдүү аспаптардын жардамында өлчөнөт.




**6-сүрөт.** *Аба ырайынын абалдары: 1 — аба ачык; 2 — күн бүркөлдү; 3 — жамгыр жаап жатат; 4 — токойду туман каптады.*

Абанын температурасы термометр (7-сүрөт), жаандын өлчөмү жаан өлчөгүч аспап менен ченелет. Аба ысыган мезгилде термометрдин түтүкчөсүнүн ичиндеги сымап кеңейип, жогоруга көтөрүлөт.

Сымап шкаладагы кайсы санга чейин көтөрүлүп барып токтосо, абанын температурасы ошончо градус болот.




7-сүрөт. *Термометрлер:*
*1 — абанын температурасы ченелет;*
*2 — суунун температурасы ченелет;*
*3 — дененин температурасы ченелет.*

Аба жылуу болсо сандын алдына «+», суук болсо «—» белгиси коюлат.

### Практикалык иш

Термометрдин жардамында абанын температурасын чене. Температура канча градуста экенин «Иш дептери»не жазып кой.

**Таяныч сөздөр:** аба ырайы, аба ырайынын белгилери, температура, жаан-чачын, булуттуулук, термометр, градус.

### Суроолор

1. Аба ырайы дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Аба ырайынын белгилери деген эмне?
3. Термометрлер менен эмне ченелет?

### Тапшырма

Бүгүндөн баштап аба-ырайын күзөтүп, кийинки сабак боло турган күнгө чейин аба ырайы кандай болгондугун «Иш дептери»не жазып кел.

### Аба ырайынын белгилери

- Түтүн жогоруга түз көтөрүлсө, аба ырайы өзгөрбөйт.
- Түндө шүүдүрүм түшсө жана кыроо калың болсо, эртеңки күнү күн ачык болот.
- Эртең менен күн кызарып чыкса, аба бүркөлөт.

# ӨЛКӨБҮЗДӨ КҮЗ



## 4-§. ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

Биздин Өлкөбүз — Өзбекстанда жыл сайын төрт мезгил кезеги менен алмашып келет. Бул жаз, жай, күз жана кыш мезгилдери болуп саналат (8-сүрөт). Ар бир мезгилдин аба ырайы бири-биринен айырмаланат.

Өсүмдүктөрдүн түсү да ар мезгилде ар түрдүү көрүнүштөрдө болот.

Мезгилдердин алмашуусу Күнгө байланыштуу. Андан келип жаткан нур Жердин бетин жарытып, ысытат.




8-сүрөт. *Жыл мезгилдери:*
*1 — жаз; 2 — жай; 3 — күз; 4 — кыш.*

Эгерде Күн нур таратып турбаганда Жердин бети суук жана караңгы болмок. Жерде жашоо да болмок эмес, өсүмдүктөр да өспөйт болчу.

Аба ырайы да Күн менен байланышкан. Жайда Күн бийик көтөрүлөт. Нуру Жерге тикесинен түшөт, ошондуктан күндөр узун, ысык болот.

Кышында Күн бийик көтөрүлбөйт, нуру жантайып түшөт. Ошондуктан күндөр кыска, түндөр узун, аба суук болот (9-сүрөт).

Күз жана жаз мезгилдеринде Күндүн бийиктиги орточо болот. Ошондуктан күндөр ысык да болбойт, сууп да кетпейт.




9-сүрөт. *Күндүн жай, жаз, күз жана кышта асманда туруу абалдары*

**Таяныч сөздөр:** Күн, жыл мезгилдери, жаз, жай, күз, кыш.

### Суроолор

1. Өлкөбүздө ар жылы кайсы мезгилдер алмашып келет?
2. Мезгилдер бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?
3. Күндүн бизге кандай мааниси бар?
4. Мезгилдердин алмашып туруусуна эмне себеп болот?

### Тапшырма

«Иш дептери»не төмөнкү жадыбалды сыз. Ар бир мезгилдин айларын жаз.

| Кыш | Жаз | Жай | Күз |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |

## 5-§. КҮЗ ТАРТУУЛАРЫ

Күздө Республикабызда талаа жер эгиндери, даамдуу мөмөлөр, коон-дарбыздар бышат. Пахта ачылат.

Дыйкандар, багбандар жетиштирген түшүмдөрүн жыйнап-терип алышат.

Күз мезгили сентябрь, октябрь жана ноябрь айларынан турат.

Мамлекетибизде күз бардык нерселер бышкан мезгил болуп саналат. Бактарда жүзүм, алма, алмурут, бийалма, анар жана башка мөмөлөр бышып жетилет (10-сүрөт).

Ал эми талааларда болсо талаа жер эгиндеринен коон, дарбыз, ашкабак; жашылчалардан картошка, сабиз, пияз, чамгыр, капуста бышып жетилет (11-сүрөт).

Булардын бардыгы күздүн бизге берген белеги болуп саналат.



10-сүрөт. *Өлкөбүздүн даамдуу мөмө-жемиштери*



11-сүрөт. *Коон жана дарбыз талаасында*

Аларды кыш келгиче жыйнап албаса, үшүк уруп, пайдаланганга жараксыз болуп калышы мүмкүн.

Мөмөлөрдү кышка сактап коюу үчүн баштап алар дарактардан бирден терип алынат (12-сүрөт). Андан соң тандап алынып, ящиктерге этияттык менен жайгаштырылат жана салкын кампаларга тизип коюлат.

Пахта абдан көп эмгек талап кыла турган эгин. Аны убал кылбастан жыйнап, терип алуу зарыл (13-сүрөт).



12-сүрөт. *Бакта мөмөлөрдү терип алуу*

Көпчүлүк жашылча эгиндери жерден казып алынып, тазаланат. Алар атайын кампаларда сакталат.

Картошка, сабиз, түрп, чамгырды атайын оролордо да сактаса болот. Эгиндер жыйнап алынгандан кийин, жер айдалат.

**Таяныч сөздөр:** күз айлары, бак, пахта, талаа жер эгиндери, жашылчалар, жерди айдоо.

## Суроолор

1. Күз мезгили кайсы айлардан турат?
2. Күздө кайсы мөмөлөр бышат?
3. Эмне үчүн мөмөлөрдү сактап коёбуз?



13-сүрөт. *Машинада пахта терүү*

**Тапшырма**

«Иш дептери»не төмөнкү жадыбалды сыз жана мөмөлөрдүн астына мөмөлөрдүн, талаа жер эгиндеринин астына талаа жер эгиндеринин, ал эми жашылчалардын астына жашылчалардын аттарын жазып кой.

| Мөмөлөр | Талаа жер эгиндери | Жашылчалар |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |

## 6-§. КООМДУК ПАЙДАЛУУ ЭМГЕК

Биз ар ишемби күнү классыбыздагы парталарды, стол-стулдарды аарчып, полду жууйбуз. Класстык бөлмөдөгү гүлдөрдү карайбыз, аларга суу куябыз. Андан соң мектептин короосун шыпырып-тазалайбыз.

Ал эми жогорку класстын окуучулары болсо, мектептин багындагы мөмө-жемиштерди, жашылчаларды терүү, түшкөн жалбырактар менен кууураган бутактарды жыйноо, дарактардын астын жумшартуу сыяктуу пайдалуу иштер менен алектенишет.

Мамлекетибизде күз жана жаз мезгилдеринде, түрдүү майрамдар алдынан жалпы элдик ашарлар өткөрүлөт.

Ашарларда маалелерде элдин баары биримдүүлүк менен көчөлөрдү, арыктарды тазалашат, дарактардын кургаган бутактарын кыркышат. Бардыгы ынтымак менен иштегендиктен көп жумуш аткарылат. Натыйжада маалелер андан да көркөмдөшөт.

Мындай иштер коомдук пайдалуу эмгек деп аталат (14-сүрөт). «Эмгектин наны таттуу» дейт элибиз.



14-сүрөт. *Коомдук пайдалуу эмгек*

**Таяныч сөздөр:** коомдук пайдалуу эмгек, жалпы элдик ашар.

## Суроолор

1. Ишемби күнү сабактан кийин класста кандай иштерди аткарасың?
2. Мектептин короосунда кандай жумуштарды аткарасың?

3. Жогорку класстын окуучулары мектептин багында кандай жумуштар менен алектенишет?
4. Мааледе кандай коомдук пайдалуу иштер аткарылат?

**Тапшырмалар**

1. Сүрөттөрдү кунт коюп көрүп чык. Окуучулар кандай жумуштар менен алектенип жатканын айтып бер.
2. Эмгек жөнүндөгү макалдарды «Иш дептери»-не жазып кел.

## 7-§. ЖАНЫБАРЛАРДЫН ЖАНА КУРТ-КУМУРСКАЛАРДЫН КҮЗГҮ ЖАШООСУ


Мамлекетибиздин табияты ар түркүн болгондуктан анда түрдүү жаныбарлар жашашат. Жаныбарлардын кышка даярдыгы да ар түрдүүчө. Чөлдө таш бака, жылан жана чычкандар кышкы уйкуга кетишет. Ал эми тоолордогу көптөгөн жаныбарлар болсо ылдыйыраакка, адыр жана кырларга түшүп кышты өткөрүшөт. Бөрү, түлкү, кийик, коёндор мына ушундай жаныбарлардан.

Жер жүзүндө курт-кумурскалардын көптөгөн түрлөрү бар. Алар негизинен кургак-

тыкта жашашат. Сууда кургактыкка курт-кумурскалар азыраак болот (15-сүрөт).

Курт-кумурскалардын пайдалуулары да, зыяндуулары да болот. Чегиртке эгиндерге, дарактарга чоң зыян келтирет. Чымын, чиркей, бүргөлөр оору таркатат.

Бирок пайдалуу курт-кумурскалар да көп. Бал аарылары таттуу бал топтоо менен бирге алма, алмурут, шабдалы жана башка дарактын гүлдөрүн чаңдатат. Чаңдашкан гүлдөр мөмөгө кирет. Ал эми жибек курту




15-сүрөт. *Курт-кумурскалар: 1 — кумурска; 2 — ийнелик; 3 — көпөлөк; 4 — чегиртке.*

жибек берет. Эл кайда көчөт коңузу зыяндуу курттарды жейт. Сөөлжан жерди жумшартып, анын өнүмдүү болушуна жардамдашат. Курт-кумускалар, негизинен, топ-топ болуп жашашат. Кумурска, аары, бал аарылары ушулардын катарына кирет. Бал аарылары момдон торчолуу уя курушат. Ал эми кумурскалар болсо жерди казып уя курушат (16-сүрөт).

Алардын уялары көп бөлмөлүү болуп, бир бөлмөдө эне кумурска жашайт. Азык-заттар башка бир бөлмөдө, жумурткалар башка бөлмөдө болот. Алардын жумушу да так бөлүштүрүлөт. Эне кумурска жумуртка коёт. Жумушчу кумурскалар тамак-аш ташып келишет, аларды тазалашат, чириндилер менен тамак-аш калдыктарын сыртка чыгарып ташташат. Аскер кумурскалар эне кумурсканы, жумушчу кумурскаларды, жумурткаларды уяны жана топтолгон азыктарды коргошот. Көптөгөн курт-кумурскалар кышта уйкуга кетет. Өз уясында эрте жазга чейин укташат. Ошондуктан алар күздө кышка тамак-аш чогултушат.



16-сүрөт. *Кумурсканын уясы*

**Таяныч сөздөр:** жаныбарлар курт-кумурскалар, пайдалуу жана зыяндуу курт-кумурскалар, Эне кумурска, жумушчу, аскер кумурскалар.

## Суроолор

1. Кандай чөл жаныбарларын билесиң?
2. Кандай тоо жаныбарларын билесиң?
3. Пайдалуу курт-кумурскалардан кайсыларын билесиң?
4. Кандай зыяндуу курт-кумурскаларды билесиң?

## Тапшырмалар

1. Кумурскаларды күзөт. Алар уясына эмнелерди ташып келгенин жана чыгарып таштаганын «Иш дептери»не жазып кой.

**2.** Кумурсканын уясынын сырткы көрүнүшүнүн сүрөтүн сыз.

## 8-§. ӨЛКӨБҮЗДӨ КЕЗДЕШҮҮЧҮ КАНАТТУУЛАР

Канаттуулар түрдүү шарттарда жашоого өтө жакшы ыңгайлашкан. Алардын жүндөрү, ичи көндөй сөөктөрү көп убакытка чейин асманда учуп жүрүүсүнө жардам берет. Канаттуулар алыс аралыктарга учуп бара алышат. Өлкөбүздө да түрдүү канаттуулар бар. Мамлекетибизде жалпысынан 410 түрдөн ашуун канаттуу кездешет. Кээ бир канаттуулар сууда жакшы сүзүшөт. Анткени алардын манжаларынын арасында жаргактары бар. Канаттуулардын бардыгы сууга жакыныраак жерлерге уя курушат.

Канаттуулар курт-кумурска жечү, дан жечү, жырткыч, бардык нерселерди жечү топторго бөлүнөт. Канаттуулардын тумшуктары алардын эмне менен тамактануусуна карай ар түрдүү түзүлгөн болот (17-сүрөт). Манжасы, тырмактары, буттары да жашоо жайы жана эмне менен тамактануусуна карап айырмаланат.



17-сүрөт. *Түрдүү канаттуулардын тумшуктары*

Суу канаттууларынын тумшугу жана буттары узун болот. Бардык нерселерди жей турган канаттуулардын тумшугу кыска болот. Өрдөк жана каз сууда сүзүүчү канаттууларга кирет (18-сүрөт).


Жырткыч канаттуулардын манжалары күчтүү, тырмактары ичкериге кайрылган, курч болот (19-сүрөт).

Күздө күндөр сууп, курт-кумурскалар азаят. Ошол себептен илегилек, турна, чабалекей, бөдөнө, булбул жана башка канаттуулар жылуу өлкөлөргө учуп кетишет.

Кээ бир канаттуулар кышында да учуп кетишпейт. Аларга таранчы (чымчык), бак-




18-сүрөт. *1 — каздар; 2 — сууда сүзүүчү канаттуулардын манжалары; 3 — өрдөк.*




19-сүрөт. *Жырткыч канаттуулар: 1 — бүркүт; 2 — үкү.*




20-сүрөт. *1 — карга; 2 — кара карга.*

тек (мусича), көгүчкөн, ала канат жана башкалар кирет. Өлкөбүзгө күздө каргалар учуп келишет. Каргалар эгиндерден калган уруктар, көлмөктөрдөгү майда балыктар, топурактагы курт-кумурскалар менен азыктанышат (20-сүрөт).

Канаттуулардын пайдасы өтө чоң. Алар курт-кумурскаларды, чычкандарды жеп, оорулардын таралуусунун алдын алат. Канаттууларды абайлаш керек.

**Таяныч сөздөр:** канаттуулардын азыктануусу, курт-кумурска жечү, дан жечү, жырткыч (эт жечү), бардык нерселерди жей турган, учуп кетүүчү, учуп келүүчү канаттуулар.

### Суроолор

1. Өлкөбүздө канаттуулар эмне менен азыктанышат?
2. Күзүндө учуп кетүүчү канаттуулардан кайсыларды билесиң?
3. Күзүндө кайсы канаттуулар өлкөбүзгө учуп келишет?
4. Канаттуулардын кандай пайдасы бар?

### Тапшырмалар

1. Айланаңдагы канаттууларга байкоо жүргүз.
2. Кайсы канаттуулар качан учуп кетээрин жана кайсы канаттуулар өлкөбүзгө качан учуп келээрин «Иш дептери»ңе жазып ал.

## 9-§. ӨСҮМДҮКТӨРДҮН КЫШКА ДАЯРДАНУУСУ

Өсүмдүктөр үч түрдүү көрүнүштө болот. Булар чөптөр, бадалдар жана дарактар (21-сүрөт).

Күз келип, күндөр сууй башташы менен чөптөрдүн, бадалдардын жана дарактардын жалбырактары саргая баштайт.

Буга, күндүн суушу менен өсүмдүктөрдүн тамырлары аркылуу жерден суу менен бир-



21-сүрөт. *Чөптөр, бадалдар, дарактар*

ге азык-заттарды ала албай калуусу себеп болот. Натыйжада жалбырактары саргайып, төгүлөт.

Бул көрүнүш дарактардын кышка карата даярдык көрүп жатканын билдирет. Бул мезгилде дарак жана бадалдардын жалбырактары сары түскө боёлот жана төгүлөт (22-сүрөт).

Дарактардын суукка чыдамдуулугу түрдүүчө болгондуктан, алардын жалбырактары да түрдүү убакыттарда төгүлөт. Эң биринчи жаңгак, кийин өрүк, чие жана бийалма жалбырактарын төгөт.

Күздө чынардын, бийалманын жалбырактары күрөң түскө кирип төгүлөт. Зарандын,



22-сүрөт. *Дарактардын күзгү көрүнүшү*

өрүктүн жалбырактары кызарып, кийин төгүлөт. Төгүлгөн жалбырактарды өрттөгөнгө болбойт. Анткени анын түтүнү абаны булшгайт, ден соолукка зыян.

Дарактар жалбырагын төгүп болгондон соң, бутактарына форма берилет. Башкача айтканда бутактары кыскартылат, түбү жумшартылып, жергиликтүү жер семирткичтер салынат.

**Таяныч сөздөр:** өсүмдүк, чөп, бадал, дарак.

### Суроолор

1. Чөп, бадал жана дарак бири-биринен эмнеси менен айырмаланат? Сүрөткө карап айтып бер.
2. Даректын жалбырагы эмне үчүн саргаят жана төгүлөт?
3. Эмне үчүн түрдүү дарактардын жалбырактары бирдей маалда төгүлбөйт?
4. Эмне үчүн жалбырактарды өрттөбөш керек?


### Тапшырмалар

1. Мектептен кайтканында дарактарды күзөт. Кайсы дарактын жалбырагы кандай түскө киргенин байка.
2. Ар түрдүү түстөгү жалбырактардан бирден алып «Иш дептери»не сал жана кайсы дарактын жалбырагы экендигин жазып кой.

## 10-§. ГЕРБАРИЙ ДАЯРДОО

*(Мектептин короосунда аткарылуучу практикалык иш)*

Гербарий — өсүмдүктүн өзүнчө кургатылып даярдалган үлгүсү болуп саналат. Чөп, анын тамыры, сабагы, жалбырактары толук алынып гербарий даярдалат. Ал үчүн туурасы 40 см, узуну 30 см болгон кагаз эки бүктөп даярдалат. Бүктөлгөн кагаздын ичи-



23-сүрөт. *Гербарий ушундайча даярдалат*

не чөптүн тамыры, сабагы, жалбырагы менен бирге желимдеп коюлат (23-сүрөт). Чөптүн аты, эмне үчүн керектиги, каерде өсүшү жана мөмөсү жөнүндө жазып коюлат.

Гербарийдин ким тарабынан, качан, каерде даярдалгандыгы да жазып коюлушу керек. Гербарийден «Айланабыздагы аалам» сабагынын кээ бир темаларын өтүүдө көргөзмө катары пайдалануу мүмкүн.

Гербарий өсүмдүктөр жөнүндөгү маалымат булагы болуп эсептелет. Өсүмдүктөрдү үйрө-

нүүчүлөр өсүмдүктүн өзү болбосо да, аны гербарийден үйрөнүшөт.

Өзбекстанда «Өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсү генофонду» институтунда 1,5 миллионго жакын гербарий сакталат. Алардан өтө көп өсүмдүктөрдү үйрөнүү мүмкүн.

**Таяныч сөздөр:** гербарий, өсүмдүктүн сабагы, тамыры, мөмөсү.

**Суроолор**

1. Гербарий кандай даярдалат?
2. Гербарий эмне үчүн керек?
3. Гербарийден каерде, кимдер пайдаланат?

**Тапшырмалар**

1. Үйгө барып, короондо жана анын айланасында өсүүчү өсүмдүктөрдөн гербарий даярда.
2. Төгүлгөн жалбырактардан аппликация жолу менен көпөлөк жана ийнелик жаса.

## 11-§. КЕСИПТЕР ЖӨНҮНДӨ

Балдар, адамдар өздөрүнө керектүү болгон нерселерди каерден алышат, деген суроого сен албетте табияттан деп жооп бере-

сиң. Ооба, табияттан алат. Бирок табиятта кандай болсо ошондоюнча алып иштетиле бербейт. Аны кайра иштетишет, өзүнө керектүү абалга келтирет. Буга, мисалы, биз жей турган нанды алып көрөлү.

Нан табиятта нан түрүндө болбойт. Ал үчүн дыйкандар жерге буудай эгишет. Буудай бышканда аны оруп алып, жанчып, ун алынат. Ундан наабайлар камыр жууруп, нан жабышат.

Көчөлөрдө зуулдап жүргөн машиналарды, асмандагы самолётторду, деңиз жана океандардагы кемелерди жумушчу-өнөрпоздор табияттан алган заттардан жасашкан.

Балдар, силер окуп жаткан китептерди да адамдар жазып, кийин китеп чыгаруучу станоктордо басып чыгарышкан. Сен окуп жаткан мектеп имаратын да адамдар курган.

Биз ар күнү жей турган мөмө-жемиштерди да адамдар — багбандар жетиштирет.

Мына ушундай бир нерсени жетиштирүү жана бир нерсени иштеп чыгаруу кесип

дейилет. Мугалимдик, тарбиячылык да абдан керектүү кесиптер болуп эсептелет.

Адамдар ар түрдүү кесиптерди ээлешет. Муну менен адамдар бири-бирине байланышат, бири-бирине жардам беришет. Азыркы мезгилде ансыз жашоого болбойт. Сен да жакшы окуп, келечекте адамдарга пайдалуу кесипти ээле.

**Таяныч сөздөр:** кесип, дыйкан, багбан, наабай, жумушчу, мугалим, жазуучу.


## Суроолор

1. Адамдар өздөрүнө керектүү нерселерди каерден алышат?
2. Буудайдан нан бышыруу үчүн эмнелер кылынат?
3. Ар түрдүү мөмө-жемиштерди кайсы кесип ээлери жетиштирет?
4. Мугалим адамдарга кайсы иши менен пайда келтирет?

## Тапшырма

Атаң, апаңдын кандай кесипти ээлегендиктерин жана эмне үчүн ушул кесипти ээлегендиктерин билип ал.

# ЖЕР ЭНЕ




## 12-§. ЖЕР — ПЛАНЕТА

Биз жашап турган Жер — планета. Ал Күндүн айланасында айлана турган сегиз планетанын бири. Жер өтө чоң шар көрүнүшүнө ээ.

Жер шарынан айланасы 40 миң километр. Жердин ички түзүлүшү жумуртканын түзүлүшүнө окшойт. Жердин бетки бөлүгүн катуу Жер кыртышы каптаган. Андан ылдыйда калың, ысык катмар — мантия жайгашкан. Андан да теренде тыгыз, оор, кызып жаткан ядро (Жердин маңызы) жайгашкан (24-сүрөт). Жердин бетинен анын

борборуна чейинки аралык орто эсепте алты миң үч жүз алтымыш километрге тең.





24-сүрөт. *Жердин ички түзүлүшү.*

Жерди жакшылап үйрөнүү үчүн анын өтө кичирейтилген формасы — глобус жасалат. Глобуста Жер бетиндеги кургактык жерлер, деңиз жана океандар, ири түздүк жана тоолор түрдүү түстөр менен көрсөтүлөт (25-сүрөт).

Дүйнөдөгү биринчи глобусту биздин бабабыз улуу окумуштуу Абу Райхан Беруний мындан миң жыл мурда жасаган.

**Таяныч сөздөр:** планета, Жердин кыртышы, мантия, ядро, глобус.




25-сүрөт. *1 — Жердин космостон көрүнүшү; 2 — глобус.*

## Суроолор


1. Жер кандай формага ээ?
2. Жердин ички бөлүгү кандай түзүлгөн?
3. Глобус деген эмне? Анда эмнелер сүрөттөлөт?
4. Биринчи глобусту ким жасаган?

## Тапшырма

Жердин космостон көрүнүшү менен глобустагы көрүнүшүн салыштыр. Окшош жактарын жана айырмаларын аныкта.

# 13-§. ЖЕРДИН КЫЙМЫЛДАРЫ

Жер башка планеталар сыяктуу Күндүн айланасында айланат. Жер Күндү үч жүз алтымыш беш күндө 1 жолу толук айланып чыгат (26-сүрөт).



26-сүрөт. *Жердин Күндү, Айдын Жерди айланышы*

Бул убакытты 1 жыл дейбиз.

Мындан сырткары ал өз огунун айланасында да айланат. Жер өз огунун айланасында Күнгө салыштырмалуу 1 суткада, башкача айтканда 24 саатта 1 жолу толук айланып чыгат.

Мында күн түн менен алмашат. Бир күн менен түн сутка деп аталат.

Айды баарыңар көргөнсүңөр. Ай — Жердин табигый жолдошу болуп саналат (26-сүрөт). Жер Күндүн айланасында бир



27-сүрөт. *Күн*



28-сүрөт. *Ай*

жолу айланып чыкканга чейин Ай Жердин айланасында 12 жолу айланат. Айдын Күндөн айырмасы, ал өзүнөн нур таратпайт. Ал Күндөн келген нурду чагылтат (27- жана 28-сүрөттөр).

Анын бир жагын Күндүн нурлары жарытат. Экинчи жагы караңгы, бизге көрүнбөйт. Ошондуктан Ай ар түрдүү көрүнөт.

**Таяныч сөздөр:** Жер, Ай, Күн, жыл.

## Суроолор

1. Жер Күндүн айланасында канча күндө бир жолу айланып чыгат?

2. Жер өз огунун айланасында айланганда кандай кубулуш болуп өтөт?
3. Ай бизге эмне үчүн ар түрдүү көрүнөт?

**Тапшырма**

Айдын ар түрдүү көрүнүшүн күзөтүп бар жана кайсы күнү кандай көрүнгөндүгүн «Иш дептери»не жазып кой.


## 14-§. УБАКЫТ ӨЛЧӨӨ БИРДИГИ

Убакыттын эсебине Жердин өзүнүн огун жана Күндүн тегерегинде айлануусу негиз кылып алынган.

Жер өз огунун айланасында 1 жолу айланып чыгуусуна кеткен убакыт сутка деп аталат.

Жердин Күндүн айланасында 1 жолу айланып чыгуусу үчүн кеткен убакыт бир жыл деп аталат. Бир жыл 12 айга, ар бир ай апталарга бөлүнөт. Бир аптада 7 күн бар (29-сүрөт).

Ар бир айдын өз аты бар. Бир сутка 24 саатка бөлүнөт. Ар бир сутка түн жарымда, башкача айтканда саат 24 төн кийин башталат. Убакытты так белгилөө үчүн ар




29-сүрөт. *Жыл жана айлар, аптанын күндөрү*

бир саат 60 минутка бөлүнөт. Ар бир минут өз кезегинде 60 секундга бөлүнөт.

Убакытты тактоо, белгилөө тартиби дата деп аталат.

**Таяныч сөздөр:** жыл, мезгил, ай, апта, күн, сутка, саат, минут, секунд, дата.

## Суроолор

1. Убакыттын эсебине эмне негиз кылып алынган?

2. Бир аптада канча күн бар? Аптанын күндөрү кандай аталат?
3. Бир жыл канча айдан турат? Алар кандай аталат?
4. Сутка деп канча убакытка айтабыз?

**Тапшырмалар**

1. Өзүңдүн кайсы жылы, кайсы айда, кайсы күнү жана саат канчада төрөлгөндүгүңдү үйүңдөгүлөрдөн сурап билип ал.
2. Мамлекетибизде кандай майрамдар кайсы айда, кайсы күндө болоорун билип, «Иш дептери»ңе жазып кой.

## 15-§. ЖЕРДИН БЕТИНИН ТҮЗҮЛҮШҮ

Жер өтө чоң шар формасына ээ. Өтө чоң болгондугу үчүн да анын бети бизге тегиз болуп көрүнөт. Бирок Жердин бети ар жерде ар түрдүү. Жердин бетинде миңдеген километрлерге созулуп кеткен тоолор, түздүктөр, суулуу жана суусуз жерлер бар (30-сүрөт).

Өзбекстандын жеринин бети да бирдей эмес. Анын күн чыгыш жагын карлуу бийик тоолор, кең жана чоң өрөөндөр бар. Күн батыш жагында чөлдөн турган түздүктөр, үстү тегиз адырлар, бийик эмес тоо-




30-сүрөт. *Жердин бетинин түзүлүшү:*
*1 — тоо; 2 — түздүк; 3 — суу; 4 — чөл.*

лор жайгашкан. Тоо жана өрөөндөрдө жай кыйла салкын болот, кар жана жамгыр да көбүрөөк жаайт. Дарак, бадал жана чөптөр калың өсөт. Чөлдөрдө жаан аз жаайт, жай ысык болот. Сейрек чөп жана бадалдар өсөт. Көп жерлерди кум каптап жатат.

Ар бир тоонун, түздүктүн жана адырлардын өз аты бар. Күн чыгыш жактагы тоолор Тянь-Шань, Түркстан жана Хисар тоолору деп аталат. Алардын чокулары жай мезгилинде да кар жана муздар менен капталып турат.

Мамлекетибиздеги эң чоң түздүк Туран дөңсөөлөрү болуп саналат. Анын чоң бөлүгүн Кызылкум чөлү ээлеген. Чөлдөн турган түздүктөргө жана кең өрөөндөргө элибиз суу чыгарып, эгинзарларды, бактарды жараткан.

**Таяныч сөздөр:** тоо, түздүк, адыр, дөңсөөлөр, күн чыгыш, күн батыш, чөл.

**Суроолор**

1. Тоолордо жердин бети кандай көрүнүштө болот?

2. Түздүктөрдө адамдар көбүрөөк кандай иштер менен алектенишет?
3. Өзбекстанда жайгашкан кайсы тоо жана түздүктөрдү билесиң?

**Тапшырмалар**

1. Сен жашап турган жайда жердин бети кандай: тоолуу жерби же түздүкпү? Изилдеп үйрөн.
2. Өзүң жашап турган жердеги жаныбарлардын, эгиндердин жана мөмөлүү дарактардын аттарын «Иш дептери»не жазып кой.

## 16-§. СУУ — ЖАШООНУН БУЛАГЫ

Сууну табияттын укмушу десе болот. Элибиз «Суу бар жерде, жашоо бар» деп айтат. Чындыгында да ушундай (31-сүрөт).

Жердин бетинде суу абдан көп. Жер жүзүндө кургактыкка караганда суу менен капталган жерлер көбүрөөк. Жердин бетинин үчтөн эки бөлүгүнөн көбүрөөгүн суу ээлеген. Бирок бул суу шор, аны ичкенге болбойт. Бирок Жердин бетинде суу өтө аз болгон чөлдөр да бар.

Мекенибиз — Өзбекстандын да жарымынан көбүрөөк бөлүгү чөлдөрдөн турат.

Суу арык жана дарыяларда агат, көл, деңиз жана океандарда болот.

Муз абалындагы суу суук өлкөлөрдө Жердин бетин каптап турат.

Бийик тоолордогу карлар жазда жана жайда эрип, жылгалар аркылуу дарыялар-



31-сүрөт. *Суу бар жерде жашоо бар*

га куюлат. Деңиз жана океандын сууларынын бети Күндүн нурунун таасиринде ысып, бууга айланып абага көтөрүлөт.

Кийин булутка айланат, булуттан жамгыр же кар болуп дагы жерге жаайт.

Кыш мезгилинде тоолорго жааган кар жаз келээри менен эрип, дарыя, жылга жана арыктарга агып түшөт. Биз ушул сууну ичебиз, эгиндерибизди сугарабыз.

Ата-бабаларыбыз сууну үнөмдөп иштетишкен. Суудан үнөмдүү пайдаланып, бактарды, эгинзарларды жаратышкан.

Биз да сууну булгабай, ысырап кылбастан, үнөмдөп пайдаланышыбыз керек.

**Таяныч сөздөр:** деңиз, дарыя, сай, көл, арык, суу, кар, муз, буу.

**Суроолор**

1. Сен жашай турган жерде кандай дарыя, көл, сай же арыктар бар?
2. Сен суудан кандай пайдаланасың?
3. Дарыяларга суу каерлерден агып келет?

**Тапшырма**

Сен жашай турган жерде суу эмнелерге сарпталаарын «Иш дептери»не жазып кой.

## 17-§. 1-жарым жылдыкта алган билимдерди текшерүү үчүн тесттер

**1. Айланабыздагы аалам деген эмне?**

А) Асман.

Б) Жер.

В) Күн жана Ай.

Г) Биз айланабызда көрүп турган бардык нерсе.

**2. Адамдын канча сезүү органы бар?**

А) Эки. Б) Үч.

В) Төрт. Г) Беш.

**3. Суу табиятта канча абалда кездешет?**

А) Үч абалда. Б) Төрт абалда.

В) Бир абалда. Г) Беш абалда.

**4. Аба ырайы дегени эмне?**

А) Жамгырдын жаашы.

Б) Кардын жаашы.

В) Муздак аба.

Г) Абанын кыска убакыттагы абалы.

**5. Термометр деген эмне?**

А) Абанын, суунун, дененин температурасын ченей турган аспап.

Б) Жерде узундукту ченей турган аспап.

В) Салмакты ченей турган аспап.

Г) Метрлерге бөлүнгөн аспап.

**6. Жыл мезгилдеринин алмашуусу эмнеге байланыштуу болот?**

А) Күндүн ысык же суук болушуна.
Б) Шамалдарга.
В) Күнгө байланыштуу.
Г) Жаандын көп же аз жаашына.

**7. Күз кандай мезгил?**

А) Күз түшүм жыйнай турган мезгил.
Б) Таттуу жемиштер быша турган мезгил.
В) Пахта ачыла турган мезгил.
Г) Бардык жооптор туура.

**8. Ашар деген эмне?**

А) Калктын көптөшүп жумуш аткаруусу.
Б) Бардыгы өз ишин аткаруусу.
В) Балдардын бири-бирине жардамдашуусу.
Г) Балдардын чогулуп ойноп жүрүшү.

**9. Төмөнкүлөрдөн пайдалуу курт-кумурскаларды белгиле.**

А) Бал аарысы, эл кайда көчөт.
Б) Чегиртке.
В) Көпөлөк.
Г) Ийнелик.

**10. Бал аарысынын кандай пайдасы бар?**

А) Жазда гүлдөн гүлгө учуп жүрөт.
Б) Гүлдөгөн мөмөлөрдү чандатат.
В) Эч кандай пайдасы жок.
Г) Адамдарды чагат.

**11. Канаттуулар канча топко бөлүнөт?**

А) 2 топко. Б) 3 топко.
В) 4 топко. Г) Топко бөлүнбөйт.

**12. Эмне үчүн бир жыл үч жүз алтымыш беш күн деп алынган?**

А) Бир жыл төрт мезгил болгону үчүн.

Б) Ай Жердин айланасында айланганы үчүн.

В) Бир жыл 12 ай болгону үчүн.

Г) Жер Күндүн айланасында үч жүз алтымыш беш күндө бир жолу айланганы үчүн.

**13. Эмне үчүн Ай бизге ар түрдүү болуп көрүнөт?**

А) Ай өзү нур таратпаганы үчүн.

Б) Биз Айдын Күн жарыткан бөлүгүн көргөнүбүз үчүн.

В) Айдын өзү ушундай ар түрдүү болгону үчүн.

Г) Айдын караңгыда көрүнгөнү үчүн.

**14. Бир аптада канча күн бар?**

А) 5 күн. Б) 6 күн.

В) 7 күн. Г) 8 күн.

**15. Мамлекетибиздин кайсы бөлүгүндө тоолор бар?**

А) Батыш жагында.

Б) Чыгыш жагында.

В) Түштүгүндө.

Г) Түндүгүндө.

# ӨЛКӨБҮЗДӨ КЫШ



## 18-§. КЫШ

Декабрь, январь жана февраль кыш айлары болуп саналат. 22-декабрда Күн асманда горизонтко эң жакын болот. Бул күн кышкы күн туруу деп аталат.

Кышта аба көбүнчө булуттуу болот. Күндүн нурлары жерге жантайып түшүп, жерди анчалык ысыта албайт. Тез-тез кар жаап турат.

Тоолор бийик жана суук болгондуктан кар көп жаайт, жаз жана жайга чейин ээрибей топтолуп калат. Ошондуктан жаз жана



32-сүрөт. *Кыш кызыгы*

жайда дарыя менен сайларда суу көп болот. Кээде күн сууп, абанын температурасы 0°С тан төмөндөп кетет, жердин бетин кар каптайт, дарыя, арыктардын суулары тоңот (32-сүрөт).

Кышта кар көп жааса, жайында суу мол болот. Кышта дайыма эле катуу суук боло бербейт. Күн чыккан жылуу күндөр да болот.

**Таяныч сөздөр:** кыш, декабрь, январь, февраль, горизонт, дарыя, сай.

### Суроолор

1. Кайсы айларды кыш айлары дейбиз?
2. Кышта аба ырайы кандай болот?
3. Эмне үчүн тоолордо кышта кар топтолуп калат?

### Тапшырма

Кышкы каникул күндөрү сен жашаган жерде аба ырайы кандай болгонун «Иш дептери»не жазып кой.

## 19-§. АДАМДАРДЫН КЫШКЫ ЭМГЕГИ

Шаардагы жана айылдагы элдердин кышкы эмгеги бири-биринен айырмаланат.

Шаарларда адамдар түрдүү ишканаларда, устаканаларда, курулуштарда иштешет.

Кышта калың кар жааган күндөрү көчөлөрдү, короолорду, аянттарды кар жана муздардан тазалашат.

Ал эми айыл жеринде болсо талаа иштери бир аз азаят, бирок күнөсканаларда түрдүү мөмө жана жашылчаларды, көк өсүмдүктөрүн жетиштирүү иштери токтобойт. Жазда эрте эгүү үчүн жылуук аналар-

да бадыраң, помидор, капуста жана ар түрдүү гүлдөрдүн көчөттөрү да өстүрүлөт (33-сүрөт).



33-сүрөт. *Күнөсканада көчөт өстүрүү*

Адамдар үй жаныбарларын үйлөрүндө жана фермаларда багышат (34-сүрөт).



34-сүрөт. *Кышта үй жаныбарлары атайын бөлмөлөрдө багылат*

Дыйкандар талааларга жергиликтүү жер семирткичтерин салышат. Топурагы шор жерлердин шору жуулат.

Каналдар, арыктар тазаланат.

Эмгекчилер кышында чигит эгүүчү тракторлорду жана башка машиналарды жазгы үрөн эгүү ишине даярдап коюшат.

**Таяныч сөздөр:** ишкана, устакана, күнөскана, ферма, дыйкан.

## Суроолор

1. Шаардын эли кышта каерде иштейт?
2. Дыйкандар кышта кандай иштерди аткарышат?
3. Күнөсканаларда эмнелер жетиштирилет?

## Тапшырма


1. Сен жашай турган жерде күнөскана болсо, анда кандай өсүмдүктөр жетиштирилээрин байка. Аттарын «Иш дептери»не жазып кой.
2. Сен жашай турган ишканада эмнелер өндүрүлүшүн «Иш дептери»не жазып кой.

# 20-§. ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫНЫН КЫШКЫ ЖАШООСУ

Тээ байыркы мезгилдерде бардык жаныбарлар жапайы түрдө жашашкан.

Адамдар кээ бир жаныбарларды акырындык менен колго үйрөтүп, аларды маданийлештиришкен. Бүгүнкү күндө жапайы жаныбарлардын кундуз, бугу сыяктуу түрлөрү колго үйрөтүлүп, багылууда.

Жылкы, уй, төө, кой, эчки (35-сүрөт); канаттуулардан тоок, өрдөк, каз, күрп жана сайроочу канаттуулар кышта адамдардын




35-сүрөт. *Үй жаныбарлары:*
*1 — уй; 2 —– жылкы; 3 —– эчки.*

үйлөрүндө атайын бөлмөлөрдө жана фермаларда багылат.

Алар үчүн жайда жана күздө азык-заттар — чөп, дан, жем даярдап коюлат.

Үй жаныбарлары жана канаттуулары багылуучу фермалар, атайын бөлмөлөр кышта ысытылат, маалында тазаланып, желдетип турулат.

Чоң фермаларда көп иштер автоматташтырылган. Үй канаттуулары жана чарба малдарынын абалын алардын доктору — ветеринар көзөмөлдөйт.

Чарба малдары жана үй канаттууларына маал-маалы менен дары-дармектер берип турулат.

**Таяныч сөздөр:** үй жаныбарлары, фермалар, ветеринар, дары-дармек.

### Суроолор

1. Сен өзүң үйдө кандай жаныбарларды багасың? Аларды үйдө багуундан максат эмне?
2. Сен жашай турган жерде кандай үй жаныбарлары багылат?
3. Сен жашаган жерде кандай жаныбарлар багыла турган фермалар бар?

**Тапшырма**

Сен жашаган жерде кандай үй жаныбарлары жана канаттуулары бар экенин аныкта жана алардын аттарын «Иш дептери»не жазып кой.

## 21-§. ЖАПАЙЫ ЖАНЫБАРЛАРДЫН КЫШКЫ ЖАШООСУ

Жапайы жаныбарларга кышта кыйла кыйын болот. Суук күндөрдө алар жегенге азык-зат издөөгө мажбур болушат.

Ошондуктан алар жай жана күз мезгилинде семирип, денесине көбүрөөк май топтошот. Жерди калың кар каптаган мезгилде аюу сыяктуу кээ бир жаныбарлар чээнге кирип, уйкуга кетишет (36-сүрөт).

Жыландар, курбакалар, кирпилер, таш бакалар, кумурскалар, кээ бир курт-кумурскалар да кышында укташат. Жазда күндөр ысый башташы менен алар ойгонушат жана азык-зат издеп, жашоосун андан ары улантышат.

Турна, илегилек, булбул, чабалекей, жапайы өрдөк сыяктуу кээ бир канаттуулар күздө жылуу өлкөлөргө учуп кетишет.




36-сүрөт. *Жапайы жаныбарлар:*
*1 — аюу жана анын мамалактары;*
*2 — түлкү; 3 — бугу.*

Таранчы, бактек, көгүчкөн, ооган алаканаты сыяктуу канаттуулар кышта да учуп кетишпейт, алар биздин кышка үйрөнүп калышкан.

Мындай канаттуулар адамдардын үйлөрүнө жакынырак жерлерде жашашат. Алар таштанды азыктарын жеп күн көрүшөт.

**Таяныч сөздөр:** жапайы жаныбарлар, жылуу өлкөлөр, таштанды азыктар.

## Суроолор

1. Сен жашай турган жерде кайсы канаттуулар күздө учуп кетип, жазда кайтып келишет?
2. Сен өзүң үйдө кандай жаныбарларды багасың? Аларды үйдө багуундан максат эмне?
3. Сен жашай турган жерде кандай жапайы жаныбарлар бар? Алар эмне менен азыктанышат?

## Тапшырма

Сен жашаган жерде кандай жапайы жаныбарлар бар экендигин улуулардан сурап бил жана алардын аттарын «Иш дептери»не жазып кой.

# ӨЛКӨБҮЗДӨ ЖАЗ



## 22-§. ЖАЗДАГЫ ӨСҮМДҮКТӨРДҮН ЖАШООСУ

Биздин өлкөбүз — Өзбекекстанда жаз эртерээк — февраль айынын ортолорунан башталат.

Жазда күн барган сайын жогору көтөрүлүп, аба, жер ысый баштайт. Тез-тез жамгыр жаайт, жер ным болот. Бул нымдуу аба ырайынын шарты эрте өнүп чыгып, гүлдөй турган өсүмдүктөр үчүн абдан ыңгайлуу.

Эң биринчи байчечекей, кызгалдак кийин жоогазын ачылат (37-сүрөт).



37-сүрөт. *Жазгы гүлдөр:*
*1 — байчечекей; 2 — кызгалдак.*

Күндөр ысыган сайын дарактардын денесине жерден суу менен бирге азык заттар да көтөрүлөт.

Бүчүрлөр чоңоюп, кийин гүлдөйт. Эң оболу бадам гүлдөйт жана жалбырак чыгарат. Кийин шабдалы, өрүк, алмурут, гилас, чие, алма гүлдөй баштайт (38-сүрөт).

Эң аягында бийалма гүлдөйт. Көптөгөн дарактар баштап гүлдөп, кийин жалбырак

чыгарат. Ал эми бийалма баштап жалбырак чыгарып, кийин гүлдөйт.

Мамлекетибизде жыл сайын 21-март күнү Нооруз майрамы белгиленет. Бул жаңы жылдын, жаңы күндүн майрамы болуп саналат. Бүткүл табият жаңыланат. Күздө учуп кеткен канаттуулар кайра Мекенибизге кайтып келет.

Жазда кээде күн кескин сууп кете турган күндөр да болот. Кокустан түшүүчү катуу суукту «Кара суук» дешет.



38-сүрөт. *Гүлдөгөн өрүк дарагы*

Ал өтө кооптуу жана мөмөлүү дарактардын гүлүн, талааларга эгилген эгиндерди карартып кетет.

Багбандар «Кара суук»та мөмөлүү дарактардын гүлдөрүн жана жаңы эле түйгөн мөмөлөрүн суук уруп кетпестиги үчүн мөмөлүү бактардын шамал келе турган жагына от жагышат. Ушул жол менен алар дарактарды суук уруп кетишинен сакташат.

**Таяныч сөздөр:** байчечекей, кызгалдак, жоогазын, мөмөлүү дарактар, «Кара суук».

## Суроолор

1. Эң биринчи кайсы гүлдөр ачылат?
2. Кайсы дарактар баштап гүлдөп, кийин жалбырак чыгарышат?
3. Кайсы дарак баштап жалбырак чыгарып, кийин гүлдөйт?
4. «Кара суук» кандай суук?


## Тапшырма

Мектептин жолунда өскөн дарактарды күзөт. Кайсылары баштап гүлдөгөнүн, кайсылары биринчи болуп жалбырак чыгарганын аныктап, «Иш дептери»не жазып кой.

# 23-§. ӨСҮМДҮКТӨР КАНДАЙ КӨБӨЙТҮЛӨТ?

Короодо, талаада, гүлзар жана бактарда өсө турган чөптөр, дарактар, бадалдар жана гүлдөр өсүмдүк деп аталат. Алардын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнөн бири абаны тазалап туруусу болуп саналат (39-сүрөт).

Биз таттуу мөмө-жемиштерди жыргап жейбиз. Алар витаминдерге өтө бай.



39-сүрөт. *Өсүмдүктөр абадагы көмүр кычкыл газын жутуп, адам үчүн зарыл болгон кычкылтекти бөлүп чыгарат*

Ал эми кооз гүлдөр адамды өзүнө тартат. Көңүлдү көтөрөт.

Көпчүлүк эгиндер уругунан көбөйтүлөт. Пахтанын чигити, коон, дарбыз, анделек, ашкабак, сабиз, пияздын уругу эгилет (40-сүрөт).

Помидор, калемпир жана капуста да уругунан көбөйтүлүп, кийин көчөт кылынат. Ал эми картошка бүчүрлөрүнөн көбөйтүлөт.

Өрүк, жаңгак, шабдалынын данеги эгилет. Анар, анжир, жүзүмдүн калемчеси эгип коюлса, көктөп кетет. Тал, терек да калемчесинен көктөйт.




40-сүрөт. *Уругунан көбөйтүлө турган эгиндер: 1 — пахта; 2 —– дарбыз; 3 — сабиз.*

Айрым мөмөлүү дарактар жакшы түшүм бере турган сортторго уланат. Көбүнчө алма, алмурут, гилас, өрүк, шабдалы уланып көбөйтүлөт. Улоо эки түрдө болот – бүчүрдөн улоо жана жарып улоо (41-сүрөт).




41-сүрөт. *Өсүмдүктөрдү улоо*

**Таяныч сөздөр:** өсүмдүк, урук, данек, чигит, калемче, улоо, көчөт.

## Суроолор

1. Өсүмдүктөрдүн кандай пайдасы бар?
2. Кайсы эгиндер уругунан эгип көбөйтүлөт?
3. Кайсы мөмөлөрдүн данеги эгилет?
4. Мөмөлүү дарактар эмне үчүн бири-бирине уланат?

**Тапшырма**

Эки идишке суу куй. Алардын бирине бөлмө гүлдөрүнүн бутагынан, экинчисине өрүк жана талдын бутакчаларынан чондордун жардамында кыркып алып сал. Аларды эки жума бою күзөт. Бутакчалардан тамыр чыкса, калемчесинен, тамыр чыкпаса данегинен көбөйтүлөөрүн билип аласың.

## 24-§. АДАМДАРДЫН ЖАЗДАГЫ ЭМГЕГИ

Жазда дыйкандардын жумушу көбөйөт. Дыйкандар жерди айдап, жер семирткич салып, эгин эгүүгө даярдашат. Баштап чигит, кийин жүгөрү, картошка, пияз, коон, дарбыз эгилет.

Азыркы учурда коон, дарбыз жана бадыраң плёнканын астына да эгилип жатат. Мында эгин тез жетилет.

Помидордун, капустанын, калемпирдин көчөттөрү да күнөсканаларда өстүрүлүп, кийин талааларга эгилет. Жаз келээри менен багбандардын иши көп болот.

Дарактардын бутактары иретке келтирилет, түбү тазаланат жана жумшартылат

(42-сүрөт). Андан соң зыяндуу курт-кумурскаларга каршы дары себилет.

Шаар менен айылдарда декоративдик жана мөмөлүү дарактардын көчөттөрү отургузулат. Арык жана гүлзарлар тазаланат. Гүлдөр эгилет.

Дарактардын, гүл көчөттөрүнүн түбү жумшартылат. Дарактардын денелери акиташ менен акталат. Бул иште окуучулар да активдүү катышышат.



42-сүрөт. *Дарактардын түбүн жумшартуу*

**Таяныч сөздөр:** багбан, декоративдик жана мөмөлүү дарактар, акиташ.

## Суроолор


1. Дыйкандар жазда кандай иштерди аткарышат?
2. Багбандар дарактарды кандай өстүрүшөт?
3. Шаар менен айылдарда жазында кандай иштер аткарылат?

## Тапшырма

Мектептин короосунда жана үйүндө эгилген гүлдөрдү, көчөттөрдү күзөтүп, алардын өсүшүнө байкоо жүргүз.

# 25-§. КУРТ-КУМУРСКАЛАРДЫН ЖАЗГЫ ЖАШООСУ

Жазында дарактардын кабыгынын астында, денесиндеги көңдөйлөрдө, топурактын арасында кышы менен уктап жаткан курт-кумурскалар ойгонушат Айрыкча, бал аарысы, сары аары, ар түрдүү көпөлөктөр, эл кайда көчөт коңузу, ийнелик, чымындар, чиркейлер, кумурскалар аракетке келип калат (43-сүрөт). Чоң-кичине кумурскалар пайда болот. Алар жерди казып уя куру-




43-сүрөт. *Жазда ойгоно турган курт-кумурскалар: 1 — ийнелик; 2 — шире бити; 3 — сары аары; 4 — эл кайда көчөт коңузу; 5 — бал аарысы.*

шат. Курт-кумурскалар эки топко – пайдалуу жана зыяндуу курт-кумурскаларга бөлүнөт. Бал аарылар, сары аарылар гүлдөрдү чаңдаштырат. Мол түшүм алууга жардам беришет.

Кумурскалар топуракты жумшартып, аны өнүмдүү кылат (44-сүрөт).




44-сүрөт. *Кумурскалар*

Май саратаны, чиркей, көсек курту жана чымындар зыяндуу болуп саналат.

Коңуздардын май айында учуп чыга турган түрү май саратаны деп аталат (45-сүрөт).

Бул коңуз жумурткасын топуракка көмүп коёт. Жазда андан курт (музоо баш) пайда болот. Ал чоңоюп, коңузга айланат.




45-сүрөт. *Зыяндуу курт-кумурскалар: 1 — көсек курту; 2 — жөргөмүш кене; 3 — май сараты: а — жумурткасы; б — курту; в — куурчагы.*

Коңуз дарактын жалбырагы жана мөмөсү менен азыктанат.

Ал эми музоо баш өсүмдүктүн тамырын жеп, аны кургатат (45-сүрөт).

Зыяндуу курт-кумурскаларды жоготууда аларга кыргын келтирүүчү канаттуулардын пайдасы чоң. Ошондуктан биз алардын көбөйүшүнө жардам беришибиз жана аларды коргоого алышыбыз керек.

**Таяныч сөздөр:** бал аары, сары аары, жамгыр сөөлжаны, май саратаны, музоо баш.

## Суроолор

1. Кышкы уйкуга кеткен курт-кумурскалар качан ойгонушат?
2. Өзүң жашай турган жерде кездешүүчү кандай курт-кумурскаларды билесиң?
3. Кайсы курт-кумурскалар пайдалуу, алардын кандай пайдасы бар?
4. Кайсы курт-кумурскалар зыяндуу, алардын кандай зыяны бар?

## Тапшырма

Өзүң жашаган жерде кездешүүчү курт-кумурскалардын атын «Иш дептери»не жаз.

# 26-§. НООРУЗ — ЖАҢЫ КҮН

21-март күнү күндүзү менен түндөсү тең болот. Күн ушул күндөн баштап жогоруга көтөрүлүп, күндүз түндөн узара баштайт.

Элибиз Нооруз майрамын эзелтеден бери белгилеп келишкен. Ноорузда түрдүү витаминдерге бай тамактар, халим жана сүмөлөк, көк самса бышырылат (46-сүрөт).

Нооруз майрамы алдыдан жалпы элдик ашар өткөрүлүп, аркытар, көчөлөр, аянттар, короолор тазаланып, тартипке келтирилет. Аянттарга көчөлөрдүн четине дарактар, гүдөр эгилет.



**46-сүрөт.** *Жаздын сыйлуу тамагы — сүмөлөк бышыруу*

Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин Нооруз майрамы кайра калыбына келтирилди.

Бүткүл мамлекетибизде Нооруз майрамы кең белгилене турган болду.



47-сүрөт. *Нооруз майрамы*

**Таяныч сөздөр:** Нооруз майрамы, сүмөлөк, халим, көк самса, ашар.

## Суроолор

1. Жазда табиятта кандай өзгөрүүлөр болот?
2. Нооруз качан кирип келет?
3. Нооруз кандай майрам?

## Тапшырма

Сен жашаган жерде Нооруз майрамы кандай болгонун «Иш дептери»не жазып кел.

# 27-§. ЖАЗДА ӨЛКӨБҮЗГӨ УЧУП КЕЛҮҮЧҮ КАНАТТУУЛАР

Жазда күндөр ысып, курт-кумурскалар ойгоноору менен күздө учуп кеткен канаттуулар кайра учуп келе баштайт. Биринчи болуп жылкычы чымчык менен чабалекей учуп келет (48-сүрөт).




48-сүрөт. *Кушлар: 1 — чабалекей; 2 — булбул.*

Алар кичинекей, көзгө жагымдуу жана тез аракеттенүүчү куштар. Булар майда курт-кумурскалар, чымын-чиркейлер менен азыктанып, адамдарга пайда келтирет.

Пайдалуу жана жагымдуу сайроочу канаттуулардан дагы бири — булбул.

Булбул өлкөбүзгө апрель айынын аягы, май айынын баштарында учуп келет. Ал да жалаң гана курт-кумурскалар менен азыктанат.

Май айынын аягы жана июнь айынын баштарында 4 — 5 тен жумуртка тууйт. Жумурткаларынан 13 — 14 күндө балапан ачып чыгат. Темир канат балапандарын 15 күндөн кийин учурат.

Жазда өлкөбүзгө ири канаттуулардан илегилек менен турналар да учуп келишет.



49-сүрөт. *Илегилек менен турна*

Алар узун буттуу жана узун тумшуктуу канаттуулар болуп эсептелет (49-сүрөт). Бул канаттуулар көлдөрдүн, дарыялардын, саздардын боюна уя курушат. Алар кемирүүчү жаныбарлар, жылан, балыктар менен азыктанат.

Канаттуулардын бардыгы пайдалуу. Ошондуктан да биз канаттууларды коргоого алышыбыз, уяларын бузбастыгыбыз, жумурткалары менен балапандарына тийишпестигибиз керек.

**Таяныч сөздөр:** жылкычы чымчык, чабалекей, булбул, илегилек, балапан, канаттууларды коргоого алуу.

## Суроолор

1. Жазда өлкөбүзгө биринчи болуп кайсы канаттуулар учуп келишет?
2. Чабалекей кандай канаттуу?
3. Булбул өлкөбүзгө качан учуп келет?
4. Илегилек менен турналар каерлерге уя курушат, эмнелер менен азыктанышат?

## Тапшырма

Сен жашай турган жерге жазда кайсы канатуулар качан учуп келгендигин «Иш дептери»-не жазып кел.

# 28-§. ӨЛКӨБҮЗДӨГҮ ЖАПАЙЫ ЖАНА ҮЙ ЖАНЫБАРЛАРЫ

Азыркы мезгилде көптөгөн жаныбарлар менен канаттуулар адамдарга үйрөнгөн. Адамдар аларды багып, көбөйтүрөт. Жылкы, төө, уй, кой, эчки, коён, тоок, короздор, ит жана мышыктар үй жаныбарлары болуп саналат (50-сүрөт). Жылкы жана




50-сүрөт. *Үй канаттуулары жана жаныбарлары: 1 — короз жана тооктор; 2 — эчки; 3 — күчүк; 4 — төө.*

төөлөрдөн жүк ташууда пайдаланылат. Уй, кой, эчки эти, териси, сүтү үчүн, коёндор болсо териси жана эти үчүн багылат.

Тоок, өрдөк, каз, күрп эти, жумурткасы жана жүнү үчүн багылат. Бөдөнө, тоту куш, көгүчкөндөр кооздугу жана жагымдуу сайрагандыгы үчүн багып көбөйтүлөт. Жапайы жаныбарлар үй жаныбарларынан айырмаланган түрдө тамак-ашты өздөрү издеп таап жейт (51-сүрөт).

Алар тоолордо, дарыялардын бойлорунда, жарларда, камышзар жана чытырмандарда, чөлдөрдө жашап, көндөйлөргө, үңкүрлөргө кирип жатышат.







51-сүрөт. *Жапайы жаныбарлар:*
*1 — кийик; 2 — эчкиэмер.*

Жапайы жаныбарлар да адамдар үчүн өтө чоң пайда келтирет. Жыландардын уусунан түрдүү дары-дармектер даярдалат.

Ошондуктан жапайы жаныбарларды да кырылып кетүүдөн сакташыбыз керек.

**Таяныч сөздөр:** дары-дармек, жыландын уусу, жаныбарларды коргоого алуу.

### Суроолор

1. Адамдар үй жаныбарларын эмне үчүн багышат?
2. Жапайы жаныбарлар кандай жашашат?
3. Жапайы жаныбарлардын кандай пайдасы бар?
4. Сен үйүңдө кандай жапайы жана үй жаныбарларын багасың?

### Тапшырма

Өзүң жашачу жерде кездешүүчү үй жаныбарларынын, канаттуулардын, жапайы жаныбарлардын атын аныктап, «Иш дептери»не жазып кой.

## 29-§. АДАМ ЖАНА ТАБИЯТ

Айланабыздагы бардык нерсе — Күн, Ай, жылдыздар, аба, булут, суу, тоолор, түздүктөр, өсүмдүктөр, жаныбарлар — бу-

лардын бардыгы табият болуп саналат (52-сүрөт). Адам да мына ушул табиятта жашайт. Өзүнө керектүү болгон бардык нерсени табияттан алат.

Табият өтө бай. Биз өз керектөөлөрүбүз үчүн нефть, көмүр, газ, темир жана башка нерселерди жерден казып алабыз. Кең талааларга ар түрдүү эгиндер эгип, түшүмүн керегибизге жаратабыз. Мөмөлүү бактар тигебиз. Талаа, адыр, тоолордо уй, кой, эчкилерди багабыз. Ошондуктан, биз табиятты абайлашыбыз, аны коргошубуз жана ага камкордук кылышыбыз керек.

Биз ар түрдүү ишканалар куруп, аларда өзүбүзгө керектүү болгон тамак-аш продук-



52-сүрөт. *Табият кандай кооз*




53-сүрөт. *«Өзбекстандын кызыл китеби»не киргизилген жаныбарлар: 1 — кобра; 2 — сүлөөсүн; 3 — тоо текеси.*

тыларын, кийим-кече, түрдүү машиналарды өндүрөбүз. Булардын бардыгы табиятка таасир этет. Мында аба, суу булганышы, өсүмдүк жана жаныбарлар азайышы мүмкүн.

Ошондуктан да биз табиятты таза кармап, анын байлыктарын асырашыбыз керек.

Табиятты, жапайы жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү сактап калуу, аларды үйрөнүү жана көбөйтүү үчүн улуттук бактар, коруктар уюштурулган.

Мамлекетибизде асыралып, саны көбөйтүлүп жаткан сейрек кездешүүчү жаныбарлар менен өсүмдүктөр «Өзбекстандын Кызыл китебине» киргизилген.

**Таяныч сөздөр:** табият, адам, тамак-аш продуктулары, кийим-кече, улуттук бак, корук, «Өзбекстандын Кызыл китеби».

### Суроолор

1. Табият дегенде эмнелерди түшүнөсүң?
2. Адам табияттан кандай пайдаланат?
3. Адамдын табиятка тийгизген таасири натыйжасында кандай өзгөрүүлөр болушу мүмкүн?
4. Мамлекетебиздеги сейрек кездешүүчү жаныбарлар менен өсүмдүктөр эмне үчүн «Өзбекстандын кызыл китеби»не киргизилген?

**Тапшырма**

«Өзбекстандын Кызыл китеби»не киргизилген жаныбарлардын аттарын эстеп кал (53-сүрөт). Аларды «Иш дептери»ңе жазып кой.

## 30-§. ШААР ЖАНА АЙЫЛДАР

Шаар да, айыл да эл чогулуп жашай турган жер болуп саналат. Бирок шаарлар айылдарга караганда өтө чоң, калкы көп, түрдүү ишканалар жайгашкан болот.



54-сүрөт. *Ташкент шаарынан бир көрүнүш*

Ошондуктан имараттар, турак-жайлар көп кабаттуу кылып курулат.

Шаарларда илим-билим, маданият борборлору, ири ишканалар, театрлар, стадиондор жайгашкан. Адамдар маданий эс ала турган бактар, сейилбактар курулган.

Өзбекстандагы эң чоң жана көркөм шаар мамлекетибиздин борбору Ташкент шаары болуп саналат (54-сүрөт).

Ташкентте тарыхый, маданий эстеликтер, азыркы заман талаптарындагы бийик жана көркөм имараттар, салкын бактар бар. Ишканаларда ар түрдүү керектүү нерселер өндүрүлөт.

Республикабыздын түрдүү облустарынан келген жаштар бул жердеги жогорку окуу жайларда билим алышат.

Мамлекетибизде байыркы кооз шаарлар көп. Самарканд мына ушундай шаарлардын бири. Анда тарыхый эстеликтерден — Регистан, Шахи Зинда ансамблдери, Амир Темур мавзолейи бар (55-сүрөт).

Бухара, Хива, Кокон шаарлары да тарыхый эстеликтерге өтө бай. Андижан, Фер-



55-сүрөт. *Самарканд шаарындагы Регистан аянты*

гана, Наманган, Термез, Каршы, Үргөнч шаарлары өнөр-жайы өнүккөн, кооз жана чоң шаарлардан болуп эсептелет.

Айыл калкынын көп бөлүгү айыл-чарбасынын иштери менен алек болот. Алар бактарда мөмөлөр, талааларда пахта, буудай, жүгөрү, коон, дарбыз, картошка, сабиз, капуста жетиштиришет.

Жайлоолордо, үйлөрдө уй, кой, эчки, үй канаттуулары багып, көбөйтүлөт.



56-сүрөт. *Айылдарда курулуп жаткан жаңы үйлөр*




57-сүрөт. *Айылдагы заманбап мектеп*

Айылдарда да жаңы мектептер, балдар бакчалары, спорт аянттары, эс алуу жайлары, көркөм үйлөр курулуп жатат (56- жана 57-сүрөттөр).

**Таяныч сөздөр:** шаар, айыл, илим-билим, маданият, ишкана, тарыхый эстеликтер.

### Суроолор

1. Кандай жерлерди шаар дейбиз?
2. Шаарда адамдар эмнелер менен алектенишет?
3. Айылдагы адамдар кандай жумуштарды аткарышат?
4. Азыр айылдарда эмнелер курулуп жатат?

### Тапшырма

Өзүң жашаган жерде адамдар кандай иштер менен алектенерин чондордон сурап, билип ал.

## 31-§. ӨЛКӨБҮЗДӨ ЖАЙ

Жай мезгили июнь айынан башталып, сентябрга чейин созулат. Бирок биздин мекенибизде май айынын ортолорунан баштап эле күн жайдагыдай ысык болот. Жайда

жамгыр аз жаайт. Эрте эгилген жер-жемиштери, анделек, бадыраң, помидор бышып жетилет.

Мөмөлөрдөн кулпунай, өрүк, гилас, эрте бышар алма бышат. Мектептерде окуулар аяктап, окуучулар жайкы эс алууга чыгышат.

Бул убакытта балдар эс алуу жайларында, ден соолукту чыңдоочу мекемелерде эс алышат. Мамлекетибизде балдардын эс алуучу жайлары абдан көп. Алар табияты кооз, абасы таза жерлерге курулган (58-сүрөт).

Жаратылыш койнуна саякатка чыкканда жүрүүнүн, кийинүүнүн, сууда чөмүлүүнүн өз эрежелери болот.

Күн ысыкта баш кийимсиз жүрүү, гүлдөрдү, чөптөрдү жулуу, курт-кумурскаларга, жаныбарлар менен канаттууларга тийишүү, чоңдордун көзөмөлүсүз сууга түшүү, чөмүлүү мүмкүн эмес.

Бул эрежелерге сөзсүз амал кылуу керек. Мына ошондо гана ар түрдүү көңүлсүз окуялар болбойт. Мындан башка эрежелерди саякаттагы жетекчиң түшүндүрүп берет.



58-сүрөт. *Окуучулар эс алуу жайында*

**Таяныч сөздөр:** жайкы эс алуу, окуучулардын эс алуу жайы, саякат.

### Суроолор

1. Мамлекетибизде жай мезгили качан башталат?
2. Жайда аба ырайы кандай болот?
3. Жаздын аягы жана жайдын башында кандай мөмөлөр бышат?
4. Окуучулар жайда каерлерде эс алышат?

### Тапшырма

Сен жашай турган жерде май айында кандай мөмөлөр быша тургандыгын аныкта жана алардын аттарын «Иш дептери»не жазып кой.

## 32-§. 2-жарым жылда алган билимдерди текшерүү үчүн тесттер

**1. Кайсы айлар кыш айлары саналат?**

А) Январь, февраль, март.
Б) Декабрь, январь, февраль.
В) Ноябрь, декабрь, январь.
Г) Январь, ферваль.

**2. Кышта күнөсканаларда кандай өсүмдүктөр жетиштирилет?**

А) Ар түрдүү мөмө-жемиш, жашылчалар жана аш-көктөр.
Б) Алма, алмурут, жүзүм.
В) Коон, дарбыз.
Г) Бардык өсүмдүктөр жетиштирилет.

**3. Кайсы жаныбарлар кышта үйдө жана фермаларда багылат?**

А) Аюу, түлкү, турна.

Б) бүркүт, төө, илегилек.

В) уй, жылкы, тоок.

Г) кой, бугу, көгүчкөн.

**4. Жазда аба ырайы кандай болот?**

А) Күндөр абдан ысып кетет.

Б) Жазда күндөр ысыйт, жамгыр көп жаайт.

В) Күндөр сууп, суу тоңуп калат.

Г) Кар жаап, күн суук болот.

**5. Нооруз майрамы кандай майрам?**

А) Жаңы жыл, жаңы күн майрамы.

Б) Жаздын башталуу майрамы.

В) Кыштын аяктоо майрамы.

Г) Күн менен түндүн теңдешүүсү майрамы.

**6. 21-март кандай күн?**

А) Жаз башталa турган күн.

Б) Түн менен күн теңдеше турган күн.

В) Кыш аяктай турган күн.

Г) Дарактар гүлдөй турган күн.

**7. Жазда алгач кайсы гүлдөр ачылат?**

А) Роза гүлү.

Б) Жоогазын.

В) Байчечекей, кызгалдак.

Г) Чырмоок гүл.

**8. «Кара суук» деген кандай суук?**

А) Жазда кокустан түшө турган суук.

Б) Кышта күндүн кокусунан сууп кетиши.
В) Түсү кара суук.
Г) Кардан кийин келүүчү суук.

**9. Жазда кайсы канаттуулар учуп келет?**

А) Чабалекей, булбул, турна, илегилек.
Б) Карга, бактек, таранчы.
В) Каракуш, үкү.
Г) Бүркүт, жору.

**10. Адамдар өзүнө керектүү бардык нерселерди каерден алат?**

А) Базардан. Б) Дүкөндөрдөн.
В) Табияттан. Г) Бири-биринен.

**11. Улуттук бактар, коруктар эмне үчүн курулат жана уюштурулат?**

А) Табият байлыктарын сактоо, үйрөнүү жана көбөйтүү үчүн.
Б) Адамдар эс алышы үчүн.
В) Кооз бак жаратуу үчүн.
Г) Сууну сактап калу үчүн.

**12. Шаарлардын айылдардан айырмасы эмнеде?**

А) Шаарлар айылдардан өтө чоң болот.
Б) Калкы көп болот.
В) Имараттар көп кабаттуу кылып курулат.
Г) Бардык жооптор туура.

**13. Мамлекетибиздеги эң чоң жана кооз шаар кайсы?**

А) Самарканд. Б) Андижан.
В) Бухара. Г) Ташкент.

**14. Айылдарда эмнелер курулуп жатат?**

А) жаңы мектептер.

Б) спорт аянттары.

В) кооз үйлөр.

Г) үчөө жооп тең туура.

**15. Майдын аягы жана жай мезгилинин башында кандай мөмө-жемиштер бышат?**

А) бадыраң, помидор.

Б) анделек, жашылча эгиндери.

В) кулпунай, гилас, өрүк.

Г) үчөө жооп тең туура.

## ЖАЙКЫ ТАПШЫРМАЛАР

Ардактуу окуучу, сен жайкы эс алуу учурунда окуучулардын эс алуучу жайында эс аласың. Ата-энең, бир туугандарың менен табияттын кооз, салкын жерлеринде болосуң.

Каерде болсоң да «Айланабыздагы аалам» сабактарында үйрөнгөн нерселерди ошол жерлерде көрөсүң. Көргөндөрүңдү аңгеме кылып жаз, сүрөттөр тарт, гербарий даярда. Бул жөнүндө 3-класска келгенинде айтып бересиң.

Жайда жакшы эс ал.

# ТЕСТ СУРУРООЛОРУНУН ЖООПТОРУ

## 1-жарым жылда алган билимдерди текшерүү үчүн тесттер

| Суроо | Жооп | Суроо | Жооп | Суроо | Жооп |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Г | 6 | В | 11 | Б |
| 2 | Г | 7 | Г | 12 | Г |
| 3 | А | 8 | А | 13 | Б |
| 4 | Г | 9 | А | 14 | В |
| 5 | А | 10 | Б | 15 | Б |

## 2-жарым жылда алган билимдерди текшерүү үчүн тесттер

| Суроо | Жооп | Суроо | Жооп | Суроо | Жооп |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Б | 6 | Б | 11 | А |
| 2 | А | 7 | В | 12 | Г |
| 3 | В | 8 | А | 13 | Г |
| 4 | Б | 9 | А | 14 | Г |
| 5 | А | 10 | В | 15 | Г |

# МАЗМУНУ

## Айланабыздагы ааламды үйрөнөбүз


1-§. Айланабыздагы аалам....................................3
2-§. Табияттагы телолор жана заттар..................6
3-§. Аба ырайы..................................................10


## Өлкөбүздө күз


4-§. Жыл мезгилдери...........................................13
5-§. Күз тартуулары............................................16
6-§. Коомдук пайдалуу эмгек...............................21
7-§. Жаныбарлардын жана курт-кумурскалардын күзгү жашоосу....................................................23
8-§. Өлкөбүздө кездешүүчү канаттуулар..............27
9-§. Өсүмдүктөрдүн кышка даярдануусу.............31
10-§. Гербарий даярдоо........................................34
11-§. Кесиптер жөнүндө ......................................36


## Жер эне


12-§. Жер — планета............................................39
13-§. Жердин кыймылы.........................................42
14-§. Убакыт өлчөө бирдиги.................................44
15-§. Жердин бетинин түзүлүшү...........................46
16-§. Суу — жашоонун булагы..............................49
17-§. 1-жарым жылда алган билимдерди текшерүү үчүн тесттер ..............................52

## Өлкөбүздө кыш

**18-§.** Кыш......................................55
**19-§.** Адамдардын кышкы эмгеги ..................57
**20-§.** Үй жаныбарларынын кыштагы жашоосу.....60
**21-§.** Жапайы жаныбарларынын кыштагы жашоосу..................................62

## Өлкөбүздө жаз

**22-§.** Нооруз — жаңы күн..........................65
**23-§.** Жаздагы өсүмдүктөрдүн жашоосу?...........68
**24-§.** Өсүмдүктөр кандай көбөйтүлөт?..............71
**25-§.** Адамдардын жаздагы эмгеги ..................74
**26-§.** Курт-кумурскалардын жазгы жашоосу.......76
**27-§.** Жазда өлкөбүзгө учун келүүчү канаттуулар.......................................... 80
**28-§.** Өлкөбүздөгү жапайы жана үй жаныбарлары........................................... 82
**29-§.** Адам жана табият.............................85
**30-§.** Шаар жана айылдар...........................89
**31-§.** Өлкөбүздө жай..................................93
**32-§.** 2-жарым жылдыкта алган билимдерди текшерүү үчүн тесттер.........................96
Жайкы тапшырмалар.................................99
Тест суроолорунун жооптору
1-жарым жыл үчүн түзүлгөн тесттердин жооптору...........................................100
2-жарым жыл үчүн түзүлгөн тесттердин жооптору...........................................100

**POTIHKAMOL G‘ULOMOV,**
**SHAHRIXON MIRZAXMATOVA**

# ATROFIMIZDAGI OLAM

*Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining*
*2-sinfi uchun darslik*

**Qayta ishlangan va to‘ldirilgan**
**oltinchi nashri**

*(Qirg‘iz tilida)*

Cho‘lpon nomidagi nashriyot-matbaa ijodiy uyi
Toshkent — 2018

Которгон **Гайратбек Токтобаев**

*Редактору* ***Айнура Зулпихарова***
*Сүрөтчүсү* ***Азамат Йулдошев***
*Көркөм редактору* ***Азамат Юлдашев***
*Техникалык редактору* ***Елена Толочко***

Лицензия номери AI № 163. 09.11.2009. Басууга 2018-жыл 10-майда уруксат этилди. Фоматы 70×90$^{1}/_{16}$. School KRKP гарнитурасы. Офсеттик басма. Кегли 16, 14. Шарттуу басма табагы 7,60. Эсеп басма табагы 7,30. Тираж 717 нуска. Келишим № 39–2018. Буюртма № 122-18.

Өзбекстан Басма сөз жана кабар агенттигинин Чолпон атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү. 100011, Ташкент, Наваий көчөсү, 30.
Телефон: (371) 244-10-45. Факс: (371) 244-58-55.

Өзбекстан Басма сөз жана кабар агенттигинин «O‘qituvchi» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100206, Ташкент, Юнусабад, Yangi shahar көчөсү, 1.

**Гуламов П.**

Г89 **Айланабыздагы аалам:** 2-классы үчүн окуу китеби/ П. Гуламов, Ш. Мирзахматова. Кайра иштелген жана толтурулган алтыннчы басылышы — Т.: Cho‘lpon атындагы БПЧҮ, 2018. — 104 бет.

ISBN 978-9943-05-829-3

**УЎК: 502.2=512.154(075)**
**КБК 20.1я71**

### Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебин-ин алган кездеги абалы | Класс жетекчиси-нин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетек-чисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

### Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлери боюнча толтурулат:

| | |
|---|---|
| **Жаңы** | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| **Жакшы** | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| **Канааттандыраарлуу** | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдалануучу тарабынан канааттандыраарлуу ремонттолгон. Кээ бир беттерине чийилген. |
| **Канааттандыраарлуу эмес** | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канааттандыраарлыксыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирип болбойт. |